**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 26 - декабры № 125**

**Кызыл-Кыя Сууканал муниципалдык мекемесинин калкты таза ичүүчү суу менен камсыз кылууну жакшыртуу боюнча жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Ишкерлер, өнөр – жай, транспорт, коммуникация жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 08-декабрындагы №28 протоколун жана "Сууканал " муниципалдык ишканасынын башчысы А.Сатыбалдыевдин 2023-жылдын 04-декабрындагы № 01-15/378 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя Сууканал муниципалдык мекемесинин калкты таза ичүүчү суу менен камсыз кылууну жакшыртуу боюнча жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө "Сууканал" муниципалдык ишканасынын башчысы А.Сатыбалдыевдин маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Кыя шаарынын "Сууканал" муниципалдык ишканасынын башчысы А.Сатыбалдыевге милдеттендирилсин:

- шаар элин ичүүчү суу менен толук камсыз кылуу максатында Исфайрам, Так-Тек, Кулуштан участкаларынан келүүчү суулардын дебетин жогорулатуу боюнча толук кандуу иштерди жүргүзүү;
- шаардагы көчө комитеттери кварталдык жана үй комитеттеринин төрагалары жана шаарга караштуу айылдардын айыл башчылары менен биргеликте шаар калкынын арасында ичүүчү сууну үнөмдүү пайдалануу, суу берүүчү колонкаларга вентильдерди орнотуу, ичүүчү сууну жана канализацияны пайдалангандыктары үчүн төлөмдөрдү өз убагында төлөө жана суу өлчөөчү эсептегичтерди орнотуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- скважиналарды пайдалануу маселесин иретке келтирүү;
- Караван айылындагы эскилиги жеткен суу түтүктөрүн алмаштыруу, жана А.Кыпчаков көчосүндөгү М. Куренкеев, Н. Мусаев атындагы окуу жайлардын алдын жашылдандыруу максатында суу калонкаларын чыгаруу;
- жараксыз болуп калган ичүүчү суу түтүктөрүн ар жыл сайын пландуу түрдө алмаштыруу жана бузулган жерлерди калыбына келтирүү жагы колго алынсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ишкерлер, өнөр – жай, транспорт, коммуникация жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**